КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# МААЛЫМАТ БЮЛЛЕТЕНИ №13

## 2021-ЖЫЛДЫН 22-27-НОЯБРЫ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 28.11.2021

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Бишкек-2021

**БШК 2021-жылдагы парламенттик шайлоодо шайлоочулардын акыркы тизмесин жарыялады**

2021-жылдын 28-ноябрында өтүүчү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын биротоло тизмеси 2021-жылдын 18-ноябрында түзүлүп шайлоо чулардын “Тизме” - https://tizme.gov.kg/ мамлекеттик порталына жайгаштырылды. Ошондой эле шайлоо мыйзамдарына ылайык добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күн калганда (**2021-жылдын 21-ноябрында**) шайлоочулардын акыркы тизмеси баардык шайлоо участокторунда илинет. Бардыгы **2494** шайлоо участогу түзүлгөн, анын ичинде **59** шайлоо участогу чет өлкөлөрдө жана – **2435** шайлоо участогу өлкө аймагында.

2021-жылдын 11-апрелинде өткөн «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча референдумдун (**3 606 201**) катышуучуларынын санына салыштырганда шайлоочулардын жалпы саны **97 219** шайлоочуга көбөйдү.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча биротоло тизмедеги шайлоочулардын саны – **3 703 420 шайлоочу**, алардын ичинен чет өлкөдө катталган шайлоочулардын саны **84 128 шайлоочу.** Үстүбүздөгү жылы 9-сентябрда сайтка жайгаштырылган бирдиктүү шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын алдын ала тизмесиндеги шайлоочулардын санына (**3 686 921**) салыштырганда **16 499** шайлоочуга өстү.

Бир мандаттуу округдардагы шайлоочулардын саны - **3 621 751 шайлоочу** (чет өлкөлөрдө катталган шайлоочулардын санын эсепке албаганда). 9-сентябрда сайтка жайгаштырылган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын **бир мандаттуу округдардагы** шайлоодо шайлоочулардын алдын ала тизмесиндеги шайлоочулардын санына (**3 617 591**) салыштырганда **1 701** шайлоочуга өстү (**кенен маалымат** “Тизме” - https://tizme.gov.kg/ порталында).

**Шайлоочулар өздөрүнүн шайлоочулардын тизмесине киргендиги, тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясынын номери жана дареги тууралуу маалыматты төмөнкү жолдор менен тактап алса болот:**

- **1255 же 119** номерине телефон чалуу менен;
- **«tizme.gov.kg»** сайтында;
- Өзүңүздүн паспортуңуздагы идентификациялык жеке номерди (ПИН) көрсөтүү менен **119 номерине СМС жөнөтүп**, Сиздин шайлоо участогуңуздун номери жана дареги тууралуу жооп аласыз (СМС билдирүү жөнөтүү жана чалуулар акысыз).

**Үгүттөө жана каржылоо боюнча БШКнын Жумушчу топтору Facebookтагы саясий жарнамага мониторинг жасоодо**

2021-жылдын 21-августунан 18-ноябрына чейин Кыргызстан боюнча Facebookтун китепканасында жалпы суммасы 27 917 АКШ долларына жеткен саясий жарнама жайгаштырылган.

Үгүттөө жана каржылоо боюнча БШКнын Жумушчу топтору Фейсбуктагы саясий жарнамага мониторинг жасоодо. Мурдараак Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан Meta (Facebook) глобалдык компаниясына бирдиктүү шайлоо округу, ошондой эле Бишкек шаары жана Кыргызстандын бүткүл облустары боюнча бир

мандаттуу округдардан алдыда кутүлүүчү парламенттик шайлоого катышуу үчүн катталган бардык талапкерлердин тизмесин берилген.

Белгилүү болгондой, мындай макулдашууга 2021-жылдын 9-ноябрындагы КР БШК төрагасы Н.Шайлдабекованын Facebookтун өкүлдөрү менен болгон жолугушуусунда жетишилген. Тараптар анда КР БШК каттоого алынган саясий партиялардын жана бир мандаттуу округдардан талапкерлердин тизмесин берет деп макулдашкан, бул Facebook өзүнүн саясатынын алкагында колдонуучуларды документалдык жактан тастыктоо, тигил же бул аккаунтта кандай адам катталгандыгын билүү үчүн зарыл.

Талапкерлердин тизмеси орус тилинде жана латынча транскрипциясында берилген, фамилиясы, аты жана атасынын атынан тышкары, туулган датасы, иштеген жери жана ээлеген кызмат орду тууралуу маалымат да камтылган.

Facebookтун мамлекеттик саясат боюнча башкаруучу директору Джордж Чен онлайн жолугушууда: **«КР БШК үчүн Meta (Facebook) санариптик китепканасы Facebookту пайдалануучуларды эсепке алуучу жазуудан, катталган аккаунттардан чыккан потенциалдуу саясий жарнамага мониторинг жасоо үчүн керек болгон бардык маалыматты алуунун эң сонун булагы болот" - деди.**

Саясий жарнамалардын баары коомдук мааниге ээ, шайлоолорго же саясатка байланышкан маселелер Китепкананын жарнамасына киргизилет, ал www.facebook.com/ads/library/report дареги боюнча жеткиликтүү, мында үстүнкү баракчада Кыргызстан өлкөсүн тандоо керек.

Талапкерлердин өздүгү аныкталган тигил же бул эсепке алуучу жазуудан чыккандардын баары санариптик китепканада чагылдырылып турат. Соцтармак командасы верификациялоо боюнча чараларды көрөт. «Верификация – бул талапкерлердин жалган аккаунттары үчүн кооптуулукту төмөндөтүү үчүн эң сонун ыкма, биз муну башка өлкөлөрдө да жасайбыз, Кыргызстанда саясий контент, жарнама менен байланышкан нерселердин бардыгына карата да ушуну колдонобуз» - деп түшүндүрдү Джордж Чен.

**БШК текшерүүчү-ревизиялык тобу Facebook жана Instagram тармактарында саясий жарнамаларды жайгаштыруу үчүн төлөмдөргө мониторинг жасайт жана саясий жарнаманы жайгаштыруу үчүн милдеттүү түрдө тийиштүү шайлоо фондунан төлөм жасалышы керектигин саясий партиялардын, талапкерлердин эсине салат.**

**Маалымдоо жана үгүттөө эрежелери боюнча жумушчу топ социалдык тармактарда жайгаштырылган үгүттөө билдирүүлөрү шайлоо мыйзамдарынын үгүт жүргүзүү эрежелери бөлүгүндөгү талаптарын аткаруу менен жүргүзүлүшү керектигине талапкерлердин жана саясий партиялардын көңүлүн бурат.**

**КР БШК КР ЖК депутаттарын шайлоого даярдалган шайлоо бюллетендерин аймактарга жана чет өлкөдөгү участокторго жөнөттү**

2021-жылдын 21-ноябрында «Учкун» ААКтын имаратында даярдалган бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарды шайлоону өткөрүү үчүн шайлоо бюллетендерин, бирдиктүү шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн бюллетендерди, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн бюллетендерди кабыл алуу-өткөрүү актысына кол коюлду.

Даярдалган бюллетендер Жалал-Абад, Ош, Баткен, Нарын, Ысык-Көл, Талас жана Чүй облустарынын, Бишкек жана Ош шаарларынын округдук шайлоо комиссияларына, ошондой эле чет өлкөдөгү участкаларга жөнөтүлдү.

Даярдалган бюллетендерди кабыл алуу-өткөрүү актысына кол коюу маалында Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, байкоочулар, саясий партиялардын жана талапкерлердин өкүлдөрү, басмакананын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча депутаттарды шайлоо үчүн – **3 702 646** бюллетень даярдалды. Кыргыз тилинде – **2970157,** орус тилинде–

**732489** бюллетень. Мындан тышкары, **2494** бюллетень

Брайль ариби менен даярдалды.

Бишкек шаарына - **431 382**, Жалал-Абад облусуна – **686 684**, Ош облусуна – **900 536**, Баткен облусуна– **305 666**, Нарын облусуна – **209 073**, Ысык-Көл облусуна – **316 828**, Талас облусуна– **163 001**, Чүй облусуна – **611 842** бюллетень,чет өлкөлүк участкаларга – **75 727** бюллетень жөнөтүлдү.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖК депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн бардыгы болуп **3 625 277** бюллетень даярдалды. Кыргыз тилинде – **2928810,** орус тилинде **–**
**696467** бюллетень. Мындан тышкары, **2435**бюллетень Брайль ариби менен дардалды.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча депутаттарды шайлоо үчүн даярдалган шайлоо бюллетендери төмөндө таблицада көрсөтүлгөн санда округдук шайлоо комиссияларына жөнөтүлдү.

Кара-Суу жана Кербен шаардык кеңештеринин, ошондой эле Кызыл-Өзгөрүш, Тогуз-Торо жана Терек-Сай айыл кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн бардыгы болуп **41858 шайлоо бюллетени** даярдалды. **Кыргыз тилинде – 41358, орус тилинде – 500 бюллетень.**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамынын 30-беренесине ылайык, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖК депутаттарын шайлоого шайлоо бюллетенинде чүчү кулак менен аныкталган кезекте талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты жазылган.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого шайлоо бюллетени эки бөлүктөн турат.

Биринчи бөлүгүндө саясий партиялардын аталыштары чүчү кулак менен аныкталган тартипте жайгаштырылат. Ар бир саясий партиянын оң жагында бош чарчы жайгашкан. Шайлоо бюллетенинин экинчи бөлүгүндө сол жагындагы тышкы бөлүгүндө номерлери коюлган 54 бош чарчы жайгашкан. Бош чарчынын номери саясий партиянын талапкерлеринин каттоого алынган тизмесиндеги талапкердин номерине туура келет.

КР «Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндө» Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, участкалык шайлоо комиссияларына берилүүчү шайлоо бюллетендеринин саны шайлоо участкасы боюнча шайлоочулардын тизмесине кирген шайлоочулардын санынан 0,1 пайыздан (практикада – 1 УШКга 1-2 бюллетенден ашпаган) ашпашы керек.

«Учкун» ААКта бюллетендерди бастыруу процессине курамы БШК мүчөлөрү, БШК аппаратынын бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринен турган жумушчу топ тарабынан тынымсыз (сутка бою) мониторинг жүргүзүлдү.

«Учкун» ААКтын басма цехинде референдум жана ЖК депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн бастырылып жаткан бюллетендерди тестирлөө үчүн жабдуулардын комплектиси орнотулган. Коопсуздукту УКМК жана ИИМ кызматкерлери камсыздады.

Шайлоо бюллетени жана добуш берүү үчүн бюллетень жогорку деңгээлдеги коргоого ээ, ага ар бир бюллетенди автоматтык эсептөөчү урна (АЭУ) таануусу үчүн атайын коргоочу боёк жалатылат.

Үч шайлоо тутумун ажыратуу үчүн бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бюллетендин капталдарында көгүш тилке кетет, ал эми бирдиктүү шайлоо округу боюнча бюлеттень толугу менен ак, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоого бюллетендин капталдарында күлгүн тилке болот.

Борбордук шайлоо комиссиясы бюллетендерди округдук шайлоо комиссияларына акты боюнча өткөрүп берет.

Шайлоо бюллетендери жана добуш берүү үчүн бюллетендер бардык коопсуздук чараларды камсыздоо менен атайын байланыш унаалары менен жөнөтүлөт.

Жараксыздоо жол-жобосу жасалгандан кийин КР ЖК депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн
жараксыз **696,500** килограмм бюллетень утилдештирилди.

Маалымат иретинде: Жараксыздандыргандан кийин, басмакана бюллетендерди акт боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүп берет. КР БШКнын 3төн кем эмес

мүчөсүнүн, саясий партиялардын, талапкерлердин өкүлдөрүнүн, басмакананын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда бюллетендерди өткөрүп бергенден кийин, жараксыз деп эсептелген жана ашыкча бюллетендер жок кылынат, бул тууралуу акт түзүлүп, ага катышкандардын баары кол коюшат.

Конституциялык мыйзамдын талаптарынын бузулбоосу үчүн басмаканадан, шайлоо комиссияларды имаратынан шайлоо бюллетендерин алып чыгууга, ошондой эле көчүрүүгө жана таркатууга тыюу салынат.

**БШК «Шайлоо БОТ» жана «Жаныран» долбоорлорун ишке киргизди**

Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы бардык шайлоо процесстери тууралуу шайлоочуларды маалымдоо боюнча активдүү өнөктүктү жүзөгө ашырууда жана шайлоочуларды маалымдоо үчүн бардык чараларды көрүүдө.

КР БШК Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборунун ишмердигинин алкагында «Шайлоо БОТ» жана «Жаныран» эки долбоору ишке киришти.

1) Шайлоо-бот – Кыргызстандагы КР БШК Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборунун биринчи расмий Telegram-БОТу, ал шайлоо жана шайлоо процесстери тууралуу маалымдоону жакшыртуу үчүн негиз катары кызмат кылат. Ал төмөнкү учурларда жардамга келет:

- алдыда боло турган Жогорку Кеңешке шайлоо тууралуу баарын билүүгө;
- шайлоо тутумундагы өзгөрүүлөр тууралуу калктын маалымдуулугун жогорулатууга;
- БШКнын актуалдуу жаңылыктары менен таанышууга;
- укук маданиятын жогорулатууга.

Шайлоо-бот Кыргыз Республикасындагы калктын бардык социалдык катмарларына жана курактык топторуна багытталган.

Шайлоо-бот – атайын программаны жүктөөнүн же орнотуунун кереги жок. Ал «Telegram» тиркемесинин ар бир колдонуучусу үчүн жеткиликтүү. Шайлоо-ботко төмөнкү шилтеме аркылуу кирүүгө болот: https://t.me/Shailoo_official_bot?start=ZGw6NTkzMjc

2) Жыл өткөн сайын жаш шайлоочулардын саны өсүүдө. Алдыда күтүлүүчү КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо 18 жашка толгон жана шайлоочулардын тизмесине кирген жаш шайлоочулардын саны 80 миң адамды түздү.

«Жаныран» (Жаны жаран) долбоору – бул 18 жашка чыккан жаштардын арасында алардын шайлоого жана шайлоо процессине карата, шайлоого катышуунун жана аң-сезимдүү чечим кабыл алуунун маанилүүлүгү тууралуу маалымдуулугун жогорулатуу үчүн кеңири масштабдуу маалыматтык өнөктүк.

«Жаныран» - бул жаштарга КР БШК сайтына жана ачык маалыматтарына жөнөкөйлөтүлгөн формада кирүүгө жаштарга мүмкүндүк берүүчү интерактивдүү аянтча, «Тизме» жана «Талапкер» маалыматтык порталдарына, ошондой эле КР БШК башка маалыматтык ресурстарына түздөн-түз кирүү, шайлоо мыйзамдарындагы өзгөрүүлөр ж.б. тууралуу маалымат алуу.

Кененирээк маалыматты www.janyran.kg сайтынан алууга болот.

## КР БШК автоматтык эсептөөчү урналардын 4,8 миң операторун окутту

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого техникалык жактан даяр. Бул тууралуу Маалыматтык шайлоо тутумунун (МШТ) жана автоматтык эсептөөчү урналардын (АЭУ) программалык камсыздалышын жакшыртуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси Марс Наспеков маалымдады.

БШК балансында 5 716 автоматтык эсептөөчү урна (АЭУ) бар, алар учурда диагностикадан жана шайлоо алдындагы даярдыктан өтүп жатат, жана ар бир шайлоо участкасына экиден бөлүштүрүлөт. Резервдик АЭУлар АШКлар боюнча бөлүштүрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы жаңы тутум боюнча шайлоону өткөрүүдө шайлоо жабдууларын колдонуунун өзгөчөлүктөрү боюнча системдик операторлорду окуудан өткөрдү.

Алар, өз кезегинде, 4 870 автоматтык эсептөөчү операторду окутушту. Операторлорго АЭУ конфигурациялары, термопринтерди иштетүү, тесттик добуш берүүнү өткөрүү, участкалык шайлоо комиссиясынын отчетун жана протоколун серверге жөнөтүү тууралуу айтып беришти. Түзүлүштү диагностикалоо, бюллетенди каллибровкалоо тууралуу кеңири түшүнүк берилди. Окуунун жүрүшүндө операторлор бюллетень тыгылып калган учурда кантип оңдоо керектиги, талапкер чыгып кеткен учурда АЭУну кантип тууралоо керектиги боюнча көндүмдөргө ээ болушту.

Ошондой эле БШК коргоо тутумдарынын үзгүлтүксүз иштөөсү жана маалыматтардын коопсуздугу үчүн бардык чараларды кабыл алынып, киберкоопсуздук боюнча туруктуу негизде иш жүрүп жатат.

## КР БШК добуш берүү күнүнө карата 7,1 миң идентификациялоочу операторду окутту

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого техникалык жактан даяр. Бул тууралуу Маалыматтык шайлоо тутумунун (МШТ) жана автоматтык эсептөөчү урналардын (АЭУ) программалык камсыздалышын жакшыртуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси Марс Наспеков маалымдады.

Бардык шайлоо участкалары шайлоочуларды идентификациялоочу 2 494 комплект менен жабдылган, алар шайлоочулардын тизмесин актуалдаштыруу маалында маалыматтарды тактоо боюнча арыз берүү учурунда колдонулган. Шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгили аяктагандан кийин аталган комплекттер добуш берүү үчүн кайрадан даярдалып чыккан.

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен биргеликте добуш берүү күнүндө шайлоочуларды идентификациялоочу жабдууну даярдоо жана комплектациялоо боюнча иштер жүрүп жатат. Бардыгы болуп резервди эсепке алганда, шайлоочуларды биометрикалык идентификациялоочу 6 700 комлпект бар.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн алкагында Борбордук шайлоо комиссиясы  ЕККУнун колдоосу менен добуш берүү күнү шайлоочуларды идентификациялоону эксплуатациялоо боюнча 90 тренерди окутту. Экинчи этапта добуш берүү күнүнө карата шайлоочуларды идентификациялоочу 7 160 операторду окутуу ишке ашырылды.

Идентификациялоочу операторлорго шайлоочуну идентификациялоо процессинин жана арыз берүүнүн өзөчөлүктөрүн, ошондой эле кемчиликтерди жоюу усулдарын түшүндүрүп беришти.

## Республикалык штабдын жыйналышында 28-ноябрдагы добуш берүүгө даярдык талкууланды

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларына уюштуруучулук-техникалык маселелерди чечүүдө көмөктөшүү боюнча

республикалык штабдын кеңейтилген жыйналышында добуш берүү күнүнө даярдык талкууланды.

Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысы М. Иманкуловдун төрагалыгы менен өткөн жыйналышка Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасы – президенттин Администрациясынын жетекчиси Акылбек Жапаров, Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетов, штабдын тең төрагасы – Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н. Шайлдабекова, Башкы прокурор Курманкул Зулушев дагы катышты.

М. Иманкуловдун айтымында шайлоо өнөктүгүнүн убагында терс көрүнүштөрдүн санын олуттуу азайтууга жетишилди. Ал президент С.Жапаровдун «2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону эркин, таза жана ачык-айкын өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгында жана Республикалык штабдын талаптарында мамлекеттик органдарга мыйзамдарды так сактоо жана буйруктарды кынтыксыз аткаруу боюнча так тапшырмалар берилгенин эске салды.

А. Жапаров өлкөнүн жетекчилигинин саясий эркинин натыйжасында шайлоо процессинин шарттары өзгөргөнүн айтып, өлкөнүн парламентинин депутаттарын шайлоону эркин, таза жана ачык-айкын өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын ишке ашыруу зарылдыгын баса белгиледи.

“Шайлоо процессине билим берүү, медицина тармактарынын кызматкерлерин, техникалык кызматкерлерди тартууга тыюу салынды. Биздин милдет – жарандардын эрк-ниетин эркин билдирүүсүнө зарыл шарттарды түзүү”, - деп айтты ал.

Кабминдин башчысы шайлоо участоктору керектүү жабдыктар, байланыш жана интернет менен жабдылгандыгын баса белгиледи. Шайлоо процессине республикалык бюджеттен 623,3 млн сом бөлүндү.

“Коронавирус инфекциясынын пандемиясына байланыштуу ар бир шайлоо участогунда тийиштүү санитардык талаптар сакталууга тийиш. Эпидемиологиялык коопсуздукту камсыздоо зарыл. Шайлоо участоктору интернет, электроэнергиясынын генераторлору, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн пандустар, жардамга чакыруу баскычтары менен камсыздалышы керек”, - деп айтты ал.

Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Н. Шайлдабекова Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого даярдык тууралуу маалымат берди.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча КР ЖК депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн 3 625 277 бюллетень (анын ичинде 2435 бюллетень Брайль ариби менен) даярдалды.

Бишкек шаарына – 430 659 бюллетень;

Баткен облусуна – 305 856 бюллетень;

Жалал-Абад облусуна – 687 027 бюллетень;

Ош шаарына жана Ош облусуна – 900 842 бюллетень;

Нарын облусуна – 209 181 бюллетень;

Талас облусуна – 163 090 бюллетень;

Чүй облусуна – 611 621 бюллетень;

Ысык-Көл облусуна – 317 001 бюллетень.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн бардыгы 7 327 923 бюллетень даярдалды.

Даярдалган бюллетендер 2021-жылдын 21-ноябрында Жалал-Абад, Ош, Баткен, Нарын, Ысык-Көл, Талас жана Чүй облустарынын, Бишкек жана Ош шаарларынын округдук шайлоо комиссияларына, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү участокторго жөнөтүлдү.

Бүгүнкүго карата 21 саясий партиянын 1 015 талапкери жана бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча 296 талапкер катталды. Шайлоочулар бардык талапкерлер жөнүндө маалыматтар менен https://talapker.shailoo.gov.kg/ky/parliamentary сайтынан же КР БШКнын сайтынан https://shailoo.gov.kg/ru/news/5939/ и https://shailoo.gov.kg/ru/news/5934/ шилтемелери боюнча, ошондой

эле Борбордук шайлоо комиссиясы чыгарган 12 облустук гезиттен же бардык шайлоо участокторунда жайгаштырылуучу маалыматтык плакаттардан таанышса болот.

Жыйналышта Саламаттык сактоо, Энергетика, Тышкы иштер жана Ички иштер министрликтеринин жетекчилеринин, ошондой эле президенттин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлеринин парламентти шайло ону өткөрүүгө даярдыктары тууралуу баяндамалары дагы угулду.

Жыйналыштын соңунда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине «2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону эркин, таза жана ачык-айкын өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» КР Президентинин Жарлыгын аткаруу боюнча тапшырмалар берилди.









**Партиялардын жана талапкерлердин өкүлдөрүнө добуш берүүнүн жыйынтыгынын ишенимдүүлүгү кантип камсыздалаарын көрсөтүштү**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы саясий партиялардын жана талапкерлердин өкүлдөрүнө добуш берүүнүн тазалыгын жана добуштарды эсептөөнүн ишенимдүүлүгүн камсыздоочу технологияларды көрсөтүштү.

КР БШК төрагасы Н.Шайлдабекова Кыргызстанда шайлоо тутумун реформалоонун натыйжасында шайлоочулардын тизмесин түзүүдө ачык-айкындуулукка, шайлоо участкаларында добуш берүүнүн ачык-айрымдуулугуна жана эркиндигине, добуштарды эсептөөнүн ишенимдүүлүгүнө жетише алдык деп билдирди.

Ишенимдүүлүк улуттук шайлоо тутумун реформалоодо маанилүү жетишкендик болуп эсептелет. Дүйнө жүзүндө бардык эле өлкөлөрдө ишенимдүүлүктүн мындай деңгээлине жетише элек. Ондогон жылдар бою өлкөбүздө добуш берүүнүн жыйынтыгын жалганга чыгарып келишкен, «Бир шайлоочу – бир добуш» принциби камсыздалган эмес.

Добуш берүүгө жеткиликтүүлүк маселесин чечүүдө көз карандылыкты камсыздоонун алкагында шайлоочулардын тизмесин тактоо боюнча ыйгарым укуктар МККдан БШКга өткөрүлүп берилди. Добуш берүүнүн жеткиликтүүлүгүнүн жалпы шарттарын жакшыртуу үчүн «Тизме» порталы (https://tizme.gov.kg/) ай сайын актуалдаштырылып турат. Ыңгайлуулук үчүн жарандардын шайлоочулардын тизмесинде өзүн тактоо мөөнөтү 20 күнгө узартылды. Ал эми республикадан тышкары жашаган жана жүргөн шайлоочулар үчүн шайлоо участкаларынын саны 44 кө көбөйтүлдү. Консулдук каттоого алууда шайлоо укуктарынын артыкчылыктары киргизилген.

Жолугушуунун катышуучуларына шайлоонун ишенимдүүлүгүн камсыздоонун бүткүл алгоритми тууралуу айтып беришти. Алсак, добуш берүү күнү табы текшерилип, колду санитайзер менен чайкап, коргоочу беткапты алгандан кийин, ар бир шайлоочу манжанын изин же беттин геометриясы боюнча сканерлөө аркылуу идентификациядан өтөт. Добуш берүүчү жайда шайлоочуну идентификациялоо идентификациялоочу тутум ишке киргизилгенде фамилиясы кийрилген УШК мүчөсү менен биргеликте идентификациялоо оператору тарабынан жүзөгө ашырылат. Шайлоого даярдык көрүүнүн алкагында КР БШК добуш берүү күнүнө карата 7 160 идентификациялоочу операторду окутту.

Идентификациянын жүрүшүндө оператор УШК мүчөсү менен биргеликте жарандарга идентификациялоонун жол-жоболорун түшүндүрөт. Идентификациялоочу оператор жаран паспортун көргөзгөн учурда милдеттүү түрдө паспорттогу сүрөт менен шайлоочуну салыштырып, визуалдык текшерүүдөн өткөрөт. Дал келген учурда идентификациялоочу оператор шайлоочунун паспортунун MRZ-аймагын сканерлөө камерасынын жардамы менен сканерлейт, андан соң аталган шайлоо участкасы боюнча шайлоочулардын электрондук тизмесинен шайлоочуну автоматтык түрдө издөө башталат. Дал келбеген учурда – идентификациялоочу оператор паспортту шайлоочуга кайтарып берет, шайлоочуну идентификациялоого жол берилбейт.

Паспорту боюнча шайлоочу идентификациядан ийгиликтүү өткөн учурда биометрикалык маалыматтары – колдун манжасынын издери боюнча идентификация жүргүзүлөт. Манжанын издерин сканерлөөгө жасалган аракет – 10 (он).

Манжанын изи боюнча шайлоочу идентификациядан ийгиликтүү өткөн учурда ноутбуктун мониторуна жана обзордук мониторго: идентификациядан өткөн шайлоочунун тизмесиндеги шайлоочунун сүрөтү, катар номуру жана аты-жөнү, аталган участокто идентификациядан өткөн шайлоочулардын жалпы саны чыгат, идентификациядан кийин шайлоочу үчүн шайлоочулардын тизмесиндеги номуру көрсөтүлгөн чек чыгарылып берилет.

Чекте төмөнкүлөр: чектин катар номуру, УШКнын номуру, шайлоочуну идентификациялоо датасы жана убактысы, шайлоочунун жекече идентификациялык номуру (ПИН), шайлоочунун аты-жөнү, шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочунун катар номуру көрсөтүлөт.

Манжанын изи боюнча идентификациядан өтпөй калган учурда, шайлоочу камераны колдонуу менен бети боюнча идентификациядан өтөт. Бул учурда шайлоочунун бети тийиштүү шайлоо участкасынын биометрикалык маалыматтар базасындагы сүрөтү менен салыштырылат. Бети боюнча идентификциялоо аракетинин саны – 1 (бир). Бети боюнча идентификациядан ийгиликтүү өткөн учурда – шайлоочу идентификациядан өткөндүгү тууралуу чек автоматтык түрдө чыгарылат.

Шайлоочуну идентификациялоо процесси чек чыгарылгандан кийин бүттү деп эсептелет. Жаран манжасынын изи же бети боюнча идентификациядан өтүп, бирок чек чыгарылбай калса, идентификациялоо процесси аяктады деп эсептелбейт жана идентификациялоо жол-жобосу кайрадан жасалат.

Кезектеги шайлоодо шайлоочу идентификациялоо тууралуу 2 чек алат, аларды бир мандаттуу жана бирдиктүү шайлоо округдары боюнча добуш берүү үчүн эки бюллетенге алмаштырат. УШК мүчөсү шайлоочуну кагаз түрүндөгү тизмеде каттоого алат, шайлоочу кагаз түрүндөгү тизмеде өзүнүн маалыматтары жазылган тушка колун коет.

Идентификациялоо тууралуу чектин ордуна шайлоочу– саясий партия жана алардан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүдө ак, ал эми бир мандаттуу округ боюнча талапкер үчүн – көгүш тилкеси бар ак шайлоо бюллетендерин алат.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоо бюллетенинде чүчү кулак менен аныкталган тартипте талапкерлердин фамилиясы, аты, атасынын аты көрсөтүлгөн. Ар бир шайлоо округунда аталган округда катталган гана талапкерлер көрсөтүлгөн. Талапкерлердин тизмесинин аягында «Баарына каршы» деп жазылган сап жайгаштырылган, анын оң жагында бош чарчы бар. Ача белги тандоо жасалган талапкердин тушундагы

чарчыга же «Баарына каршы» деген чарчыга коюлушу керек.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоо бюллетени эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүндө партиянын аталыштары чүчү кулак менен аныкталган тартипте жайгаштырылган. Ар бир саясий партиянын оң жагында бош чарчы жайгаштырылган. Тизменин аягында «Баарына каршы» деп жазылган сап жайгаштырылган, анын оң жагында бош чарчы бар.

Шайлоо бюллетенинин экинчи бөлүгүндө тышкы сол жак тарабында номерленген 54 бош чарчы жайгаштырылган. Бош чарчынын номуру саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде катталган талапкердин катар номуруна дал келет.

Добуш берүү аяктагандан кийин, добуш берүүнүн жыйынтыгынын алдын ала маалыматтары автоматтык түрдө шифрленип, корголгон байланыш каналдары боюнча АЭУдан БШКнын борбордук серверине берилет жана Маалыматтык шайлоо тутумунун сайтында дароо жарыяланат (https://newess.shailoo.gov.kg/).

Маалыматтык шайлоо тутуму (МШТ) төмөнкүлөрдөн турат:

- модеми бар автоматтык эсептөөчү урнадан (АЭУ) – ар бир УШКга 2 АЭУ, ошондой эле АШКларда резервден - 20%,
- маалыматтарды берүү боюнча байланыштын корголгон каналдарынан;
- байланыштын негизги жана резервдик каналдарына ээ сервердик жана тармактык жабдуулардан;
- АЭУлардан маалыматтарды чогултуу боюнча программалык камсыздоодон;
- МШТ сайтынан – newess.shailoo.gov.kg.

Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз (кол менен) эсептөөнүн алдында УШК төрагасы автоматтык эсептөөчү урналар боюнча добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыгын жарыялайт, бул тууралуу өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыгы тууралуу протоколго тиркелет жана бардыгына жарыяланат. Мөөр басылган автоматтык эсептөөчү урналардын отчеттору, мөөр басылган биринчи жана жыйынтыктоочу идентификациялоо боюнча отчеттор добуш берүүчү жайдагы саясий партиялардын бардык өкүлдөрүнө, байкоочуларга берилет.


Округдук шайлоо комиссиясы УШКдан добуш берүүнүн жыйынтыгы тууралуу протоколдордун биринчи экземплярларын башка шайлоо документтери менен кошо алат жана андагы маалыматтарды кошуу аркылуу тийиштүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарат.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы тууралуу участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун туура түзүлгөндүгүн текшергенден кийин округдук шайлоо комиссиясы бардык участкалык шайлоо комиссияларынын маалыматтарын кошуу аркылуу бир мандаттуу округ боюнча жана бирдиктүү округ боюнча тийиштүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарат.

















**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоодо бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайлоочуларга добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү тууралуу **13 396 арыз** келип түштү:

- Баткен облусу – 856;
- Ош облусу – 4114;
- Жалал-Абад облусу – 2700;
- Талас облусу – 480;
- Чүй облусу – 1550;
- Бишкек ш. – 1963;
- Нарын облусу – 1076;
- Ысык-Көл облусу – 657.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча **12 785 арыз** келип түштү:

- Баткен облусу – 836;
- Ош облусу – 4034;
- Жалал-Абад облусу – 2571;
- Талас облусу – 329;
- Чүй облусу – 1550;
- Бишкек ш. – 1784;
- Нарын облусу – 1024;
- Ысык-Көл облусу – 657.

- АШКсынын маалыматы боюнча, жергиликтүү кеңештин депутаттарын жайдан тышкары шайлоо үчүн 53 шайлоочу, Тогуз-Торо АШК - 4, Чаткал АШК - 0 шайлоочу, Аксы АШК - 58, Кара-Суу АШК - 81 шайлоочу арыз беришкен.

Маалымат үчүн: Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо тууралуу» конституциялык Мыйзамынын 33-беренесине ылайык, добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүгө шайлоочулардын тизмесине кирген, бирок добуш берүү үчүн шайлоо участкаларына келүүгө ден соолугуна же майыптыгына байланыштуу келе албаган шайлоочулар добуш берүүгө укуктуу. Ошондой эле:

- добуш берүү күнү ооруканада жаткан, шектүүлөрдү жана айыптууларды кайтаруу алдында кармоочу жайлардагы шайлоочулар;
- алыскы жана жетүү кыйын болгон райондордо, алыскы мал жайыт участокторунда убактылуу жашаган шайлоочулар;

Өзгөчө учурларда тиешелүү шайлоо комиссиясынын чечими боюнча:

- добуш берүү күнү обочолонгон, калктуу конуштардын алыс жерлерде кызмат өтөп жатышкан аскер кызматкерлери,
- добуш берүү күнү кызмат өтөп жаткан ички иштер органдарынын кызматкерлери,
- умуш цикли үзгүлтүксүз ишканаларда иштеген шайлоочулар,
- вахта ыкмасында иштеген шайлоочулар.

Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 2 күн калганда өзүнүн участогунда добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү тууралуу жазуу жүзүндө ага арыз берген шайлоочулардын реестрин илип коюуга милдеттүү.

Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү, добуш берүү күнүнө чейин бир календардык күн калганда саат 8ден 20га чейинки мезгилде жана шайлоочунун ага добуш берүү жайынан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн түзүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негиз инде гана жүргүзүлөт. Шайлоочунун арызы участкалык шайлоо комиссиясы түзүлгөндөн кийин каалаган учурда, бирок добуш берүү күнүнө 3 календардык күн калгандан кечиктирбестен берилиши мүмкүн.

## Ыктыярчылар шайлоочуларды маалымдоодо Боршайкомго жардам беришти

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы ыктыярчылар менен биргеликте алдыда күтүлүүчү парламенттик шайлоонун өзгөчөлүктөрү тууралуу шайлоочуларга маалымат берүүнү уюштурду.

Ыктыярчы жаш шайлоочулар – Кыргыз Республикасынын Президенти алдындагы мамлекеттик башкаруу академиясынын, И.Ахунбаев атындагы Кыргыз Республикасынын медициналык академиясынын, Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин студенттери.

Акциянын алкагында студенттер Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары жана Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо тартиби тууралуу КР БШК маалыматтык материалдарын (лифлеттерди жана буклеттерди) таратышты. Ыктыярчылар шайлоодо шайлоо бюллетендерин кантип туура толтуруу керектигин, талапкерлер жана партиялар жана алардын шайлоо алдындагы программалары менен кай жерден таанышууга боло тургандыгын түшүндүрүп беришти.

## Коопсуздук кеңешинде добуш берүү күнүнө даярдык талкууланды

26-ноябрда Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин жыйыны болуп өттү. Президент Садыр Жапаров 28-ноябрда кыргызстандыктарды өз кызыкчылыгын коргоп, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошо турган Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого чакырды. Ал парламенттик шайлоону мыйзам чегинде так өткөрүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

«Мыйзамдын бардык нормаларын так сактоо принциби шайлоо процессинин да, мамлекеттик башкаруунун бүткүл системасынын да өзөгү болушу керек. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга эч кимдин укугу жок", - деп баса белгиледи Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров.

Анын айтымында, шайлоону мыйзам чегинде, ачык-айкындуулук жана демократиялык принциптерге ылайык гана өткөрүү Кыргыз Республикасындагы радикалдуу өзгөрүүлөрдүн көрсөткүчү болуп калат. «Бийлик шайлоо элдин чыныгы эркин чагылдырышы үчүн бардык чараларды көрүүгө милдеттүү. Биз бардык талапкерлер, саясий күчтөр, көз карандысыз байкоочулар жана эл аралык коомчулук, баарынан мурда биздин шайлоочулар тааныган шайлоо өткөрүшүбүз керек.

"2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону таза, калыс жана ачык өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыкта кызматтык же жумуш абалдын артыкчылыктарын каалаган талапкерлердин жана саясий партиялардын пайдасына пайдаланууга тыюу салган ченем камтылган. Ошону менен бирге шайлоо мыйзамын бузган аткаминерлерди тез арада кызматтан алуу тапшырмасы берилди.

Ошентип, мамлекет талапкерлердин реалдуу турмушуна жана дымактуу саясий программаларына таянуу менен коомдун биримдигин чындап, экономиканын андан ары өнүгүшүнө жана жарандардын жыргалчылыгын жогорулатууга салым кошо алат. Бардык талапкерлер жана саясий бирикмелер эл алдындагы жоопкерчилигин сезип, өлкөдөгү коомдук-саясий туруктуулукту сактоо үчүн колдон келгендин

баарын жасоосу абдан маанилүү экенин баса белгилейм», - деди С.Жапаров.

Президенттик администрациянын жетекчиси А.Жапаров өз сөзүндө массалык каттоо темасына токтолуп, шайлоо процесстерине дарыгерлер, мугалимдер жана бюджеттик мекемелердин башка кызматкерлери тартылып келгенине токтолду.

КР БШК төрайымы, шайлоо комиссияларына Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө уюштуруу-техникалык маселелерди чечүүдө көмөк көрсөтүү боюнча республикалык штабдын теңтөрагасы Н.Шайлдабекова добуш берүү күнүнө карата даярдыктар жөнүндө маалымат берди.

Борбордук шайлоо комиссиясы 36 шайлоо округунун ар биринде аныкталган мыйзам бузууларга ыкчам чара көрүү максатында шайлоо комиссияларынын жана укук коргоо органдарынын мүчөлөрүнүн ичинен ыкчам аракеттенүү боюнча координациялык топту (КТ) түзгөнү айтылды. КР БШКда аракет кылууларды талдоо борбору түзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге жана саясий партияларга карата шайлоо мыйзамдарын бузуулар жөнүндө даттануулар Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан, шайлоо процессинин башка субъекттери боюнча - округдук шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.

Өткөрүлгөн жыйындардын жыйынтыгы боюнча бардык КГОРлорго мыйзам бузууларга ыкчам чара көрүү үчүн (үч күндүн ичинде), бардык мамлекеттик жана муниципалдык органдар менен тыгыз координацияда иштешүү тапшырмасы берилди.

Борбордук шайлоо комиссиясы ички иштер, прокуратура жана УКМКнын 600дөн ашык кызматкерлерине шайлоо мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрү, конституциялык-укуктук жоопкерчилик, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө мыйзамдуулуктун сакталышын көзөмөлдөө жана шайлоо процессинин жүрүшү боюнча окуудан өткөрдү.

Бардык облустарда жана Бишкек шаарында мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн, шайлоо комиссияларынын катышуусунда Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө уюштуруу-техникалык маселелерди чечүүдө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча Республикалык штабдын жыйындары өткөрүлдү.

Шайлоо процессинин ачык-айкындуулугун жана адилеттүүлүгүн жогорулатуу максатында Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө даярдык көрүү максатында шайлоо процессинин 50 миңден ашык ар түрдүү катышуучуларына окутууларды уюштурду. Аралаш шайлоо системасы боюнча маалыматтык кампания уюштурулду.